№ 1008-ФХД/22 22.03.2022

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**БУЙРУК**

Финансы-юридикалык колледжинин орто кесиптик билим берүү программаларын даярдоонун абалы

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2022-жылдын 11-мартындагы №5 протокол) «Финансы-юридикалык колледжинин орто кесиптик билим берүү программаларын даярдоонун абалы» деп аталган №2 маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. Финансы-юридикалык колледжинин орто кесиптик билим берүү программаларын даярдоонун абалы канааттандырарлык деп табылсын.
2. Колледждин жылдык, перспективалык иш пландарынын аткарылышына системалуу мониторинг жүргүзүп, тиешелүү чечимдерди кабыл алып, аларды иш жүзүнө ашыруу жагын күчөтүү жана план түзүүдө стейкхолдерлерди тартуу, адистиктердин өнүктүрүүнүн конкреттүү иш пландарын иштеп чыгуу колледждин жетекчилигине милдеттендирилсин.
3. ОКББПларды өркүндөтүү жана билим берүү процессин уюштурууну жакшыртуу максатында студенттер менен жумуш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын мезгил-мезгили менен (бир жылда бир) баалоо боюнча иш-аракеттер күчөтүлсүн.
4. ОКББПларына мезгил-мезгили менен кызыкдар тараптардын катышуусунда мониторинг жүргүзүү менен ОКББПга жаңылоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизип туруу жагы колго алынышы жана айрым адистиктердин максаттарынын, мазмундарын конкреттештерүү программа жетекчилерине жүктөлсүн.
5. Учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдө текшерүү формаларынын жана каражаттарынын инновациялык түрлөрүн колдонууну колго алуу, критерийлерин конкреттештирүү, окутуунун сапатын жогорулатуу максатында инновациялык окуу-усулдук ресурстарды, педагогикалык усулдарды, формаларды жана технологияларды колдонуу жагын өркүндөтүү ар бир окутуучуга милдеттендирилсин.
6. СӨАИ үчүн берилген тапшырмалардын компетенттүүлүккө багытталышын камсыз кылуу, алардын мазмунунун НББПнын ОНдорун калыптандыруу үчүн иштөөсүнө шайкеш келтирүү жана СӨАИнин бардык түрлөрүнө ылайык методикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу колго алынсын.
7. Практикалардын отчетторунда баалоо критерийлерин студенттерге жеткиликтүү берип, отчеттордун сапатын жакшыртуу практика жетекчисине жүктөлсүн.
8. Стейкхолдерлер менен иштөөнүн бирдиктүү механизмин иштеп чыгуу программа жетекчилерине милдеттендирилсин.
9. Жалпы билим берүү дисциплиналары боюнча предметтик лабораториялык класстарды уюштуруу (физика, биология, химия) жана адистиктер боюнча лабораториялык кааналарды керектүү жабдыктар менен толук камсыз кылуу университеттин жана колледждин жетекчилигине жүктөлсүн.
10. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө орто кесиптик билим берүү жана кесипке багыттоо иштери боюнча проректор Т.К. Эркебаевге жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы*

Документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.Г. Кожобеков**